**Түрк дүйнөсүн изилдөө фонду менен Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университеттин ортосундагы келишимдин жаңыдан түзүлүүсү**

Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда түзүлгөн келишимдердин негизинде Түрк дүйнөсүн изилдөө фонду жана Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университет төмөндөгүлөр боюнча кызматташууну улантуу чечимин кабыл алышты.

Келишимде Түрк дүйнөсүн изилдөө фонду “Фонд”, Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университет “Университет” деп аталат.

Бул келишим жүзөгө ашышы үчүн, аты аталган факультет жана жаңы ачыла турган бардык билим берүү багыттарда окутуу тили түрк тилинде жана Кыргыз мамлекеттик окуу стандарттарына ылайык жүргүзүлөт. Аталган эреже аткарылбаган учурда келишим өз күчүн жоготот.

1- Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинде Түрк дүйнөсү профессор Туран Язган атындагы Эл аралык Кыргыз-Түрк институнун карамагында Кыргыз – Түрк менеджмент факультети жана Гуманитардык-педагогикалык факультети деген эки факультети бар. Бул факультеттердин аталышы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин стандарттарында, ич ара жазышууларында жана таанытууда кыргыз тилинде башкача аталышы мүмкүн. Бирок бардык түркчө карым-катнаштарда Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин көзөмөлүндө катталган аты боюнча жогоруда аталган бойдон калат.

2- Бул факультеттердин окуу мөөнөтү Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамына, Жогорку эмгек жана билим берүү стандарттарына жана Түркия Республикасынын Жогорку билим берүү комитетинин эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

3- Аты аталган факультеттерде декандык жана институттун директорлук кызматтык ордулары “Фонддун” сунушу жана “Университеттин” бекитүүсү менен дайындалат.

4- Аталган факультеттерде кызмат өтөй турган окутуучуларды “Фонддун” жетекчилиги көрсөтүп, “Университеттин” ректоратына маалымдайт.

5- “Университетке” тиешелүү маселелерде аталган факультеттердин жасай турган бардык иш-чаралары ректоратка билдирилип, уруксат алынат.

6- Кыргызстан мыйзамдары негизинде факультеттерге тиешелүү карым-катнаштардан сырткары университеттин ректораты фонддун жетекчилиги менен кеңешет.

7- Факультеттерибизде кызмат өтөө максатында Кыргызстанга жиберилген профессордук-окутуучулар курамынын виза жана иштөө уруксатын алуу жоопкерчилиги “Университеттин” ректоратына жүктөлөт. Ректорат студенттердин ушул сыяктуу маселелерин жана декандарыбызды укук коргоо органдары менен болгон маселелерин чечет.

8- Аты аталган факультеттерибизде кызмат өтөө максатында Кыргызстанга жиберилген профессордук-окутуучулар курамы, Түркия Республикасы жана Кыргыз Республикасынын ортосундагы расмий келишимдердин негизинде саламаттыкты сактоо кызматтарынан пайдалана алышат.

9- Бул окуу мекемеде Стамбул Университети, Сакаря Университети, Гази Университети жана Түркиядагы башка жогорку билим берүү мекемелеринин окуу

программасына жана окуу планына ылайык билим берилет жана Кыргыз Билим берүү жана илим министирлигинин мыйзамдарына ылайык учурда.

10- Аты аталган факультеттерде берилген билим Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку билим берүү комитети тарабынан таанылa тургандай Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку билим берүү стандарттарына ылайык дипломдор берилет.

11- Факультеттерибизде кызмат өтөй турган окутуучулардын кызматка алынышы, Кыргыз Республикасынын жана Түркия Республикасынын жогорку билим берүү мыйзамдарына ылайык иш жүзүнө ашырылат.

12- Факультеттерде билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн Кыргызстан жана Түркия тарабынан жетиштүү санда окутуучуларды алуу шарты коюлду. Бул багыттагы жоопкерчилик Кыргыз Республикасы тарабынан "Университеттин" ректоратына, Түркия Республикасы тарабынан болсо "Фондго" жүктөлөт.

13- Аты аталган факультеттерде кызмат өтөй турган Түркия Республикасынын жарандары болгон профессордук-окутуучулар курамынын "Фонд" тарабынан, калган баардык профессордук-окутуучулар курамындагылардын эмгек акысы "Университет" тарабынан төлөнөт.

14- Бул факультеттерде түрк дүйнөсү өлкөлөрү арасындагы мамилелерди өнүктүрүү жана бекемдөө максатында, "Фонд" түрк тилдүү мамлекеттеринен жана түрк тилдүү жамааттардан студенттерди тандап, билим берүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдалантат.

15- Бул факультеттерге Кыргызстандан көп сандагы студенттерди кабыл алуу максатында "Фонд" үгүттөө иштерин жүргүзөт.

16- Студенттердин окуу акылары эки тараптын ("Фонд" жана "Университет") арасында 50 %дан болуп (тең экиге) бөлүнөт.

17- Бул факультеттерде окуй турган Түркия Республикасынын жарандары болгон студенттердин кабыл алынышы, Түркия Республикасынын жогорку билим берүү сынагы жобосуна ылайык "Фонддун" көзөмөлүндө жүргүзүлөт.

18- "Университеттин" чет өлкөлүк (Кыргызстандын жараны эмес) студенттерден ала турган окуу акысынын көлөмүн эки тарап биргелешип чечишет жана 17-берененин жоболору бул окуу акылары үчүн да тиешелүү.

19- Аты аталган факультеттерге студенттерди кабыл алуу боюнча сынактар, студенттерди каттоо жана билим берүүгө тийиштүү баардык студенттик иш чаралар, окуу-тарбиялык иштеринин жүрүшүндө студенттерге карата колдонулуучу тартип эрежелери жана бул багыттагы бардык иштер факультеттин жетекчилери тарабынан "Университеттин" ректоратынын көзөмөлү жана маалыматы менен Кыргызстандын жана Түркия Республикасынын жогорку билим берүү мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

20- Аты аталган факультеттердин Кыргызстандын сыртынан келген профессордук-окутуучулар курамынын жана студенттердин Кыргызстандагы укуктук статусун кыргыз тарабы, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык коргойт. Факультеттин Кыргызстандын жараны болгон профессордук-окутуучулар курамынын жана студенттердин Түркиядагы укуктук статусун бул жобонун алкагында Түркия Республикасынын мыйзамдарына ылайык “Фонд” коргойт.

21- “Фонд” ар окуу жылында стаж, билимин жана тажрыйбасын арттыруу жана бышыктоо максатында белгилүү сандагы студенттердин Түркияга жөнөтүүгө колдоо көрсөтөт.

22- Аты аталган факультеттерде окутулган сабактарга керектүү китеп, журнал ж.б. окуу куралдары “Фонд” тарабынан камсыз кылынат.

23- Бул келишим, түрк жана кыргыз тилдеринде, бирдей мазмунда эки нуска болуп даярдалды.

24- Бул келишимдин мөөнөтү 5 (беш) жыл болуп, жыл сайын эки тараптын учурдун мыйзам жана талаптарына ылайыктуу толуктоолор болот. Мөөнөтү бүткөндөн кийин эки тараптын катышуусу менен актуалдуу мыйзам-ченемдер жана зарылчылыктар алкагында жаңыланат. Эч кандай өзгөртүү киргизилбеген учурда келишимдин мөөнөтү ар жылы өзүнөн өзү бир жылга узай берет.

25- Бул келишим, тараптардын бири шарттарды аткарбаган учурда бир тараптуу бузулат.

26- Бул келишим 3 (үч) беттен турат.

27- Бул келишим тиешелүү тараптардын жетекчилери тарабынан кол коюлгандан кийин күчүнө кирет. Бул келишим күчүнө киргенден кийин “Университет” менен түзүлгөн мурдагы келишимдер күчүн жоготот.

Күнү: 16.06.2017

| | |
|---|---|
| **Көзхан Язган** | **э.и.д., профессор Мамасыдыков А.А.** |
| **Түрк дүйнөсүн изилдөө фондунун президенти** | **Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык Университеттин ректору** |

TÜRK DÜNYASI ARAŞTIRMALARI VAKFI

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ 00104199310057